**<u>Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган</u>**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН

Жаран Эсенжан Алимжанович Абылкасымовдун жаран Муратбек Садирдинович Кусматовдун кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 27-мартындагы № 14-о аныктамасына даттануусун канааттандыруусуз калтыруу жөнүндө

## ТОКТОМУ

2015-жылдын 28-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: төрагалык кылуучу - судья М. Ш. Касымалиев, судьялар К. Абдиев, Ч. А. Айдарбекова, М. Р. Бобукеева, К. М. Киргизбаев, Э. Т. Мамыров, А. О. Нарынбекова, Э. Ж. Осконбаев, Ч. О. Осмонова, Ж. И. Саалаевдин курамында, соттук отурумдун катчысы М. Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда жаран Э. А. Абылкасымовдун жаран М. С. Кусматовдун кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку

сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 27-мартындагы № 14-о «Жаран Эсенжан Алимжанович Абылкасымовдун жаран Муратбек Садирдинович Кусматовдун кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына даттануусун карап чыкты.

Даттанууда келтирилген жүйөлөрдү жана жаран Э. А. Абылкасымовдун жаран М. С. Кусматовдун кызыкчылыгындагы өтүнүчү боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**ТАПТЫ:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 27-февралында жаран Э. А. Абылкасымов жаран М. С. Кусматовдун кызыкчылыгында «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 2-бөлүгүн конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 2-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3, 4, 5-бөлүктөрүнө жана 104-беренесинин 4-пунктуна карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган.

Келтирилген материалдардан келип чыккандай, Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2014-жылдын 31-январындагы өкүмү менен М. С. Кусматов Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 246-беренесинин 4-бөлүгү боюнча мүлкүн конфискациялоо менен беш жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу жазасы дайындалып айыпталган.

Бул өкүм тараптар менен апелляциялык тартипте даттанылган эмес.

Бишкек шаарынын Ленин райондук прокурору менен жогоруда аталган Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун өкүмү негизсиз деп эсептелинип, аны өзгөртүү жана М. С. Кусматовдун аракеттеринин квалификациясын өзгөртүү менен Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза

кодексинин 247-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пункту менен каралган жазаны дайындоо суранычы менен кассация тартибинде сунуштама келтирилген.

Бишкек шаардык сотунун судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 10-ноябрындагы аныктамасы менен Бишкек шаарынын Ленин райондук сотунун 2014-жылдын 31-январындагы өкүмү жокко чыгарылган жана кылмыш иши ошол эле сотко башка курамда каралууга кайтарылган. Бишкек шаарынын Ленин райондук прокурорунун кассация тартибиндеги сунуштамасы жарым жартылай канааттандырылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 22-декабрындагы токтому менен жогоруда аталган Бишкек шаардык сотунун аныктамасы күчүндө, ал эми Э. А. Абылкасымовдун көзөмөл тартибиндеги даттануусу канааттандыруусуз калтырылган.

Арыздануучунун ою боюнча, соттун чечими, өкүмү, аныктамасы же токтому мыйзамсыз же негизсиз деп эсептеген прокурорго кассация же көзөмөл иретинде жогорку турган сотко сунуш берүү укугун берген «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 41-беренесинин 2-бөлүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 93-беренесинин 2-бөлүгүнө, 99-беренесинин 3, 4, 5-бөлүктөрүнө жана 104-беренесинин 4-пунктуна карама-каршы келет.

Өзүнүн жүйөлөрүнө негиз катары арыздануучу сот адилеттүүлүгүнүн формаларын, тараптардын атаандаштыгы жана тең укуктуулугу принциптерин бекиткен, ошондой эле соттук процесстин катышуучуларынын процессуалдык укуктарын тартипке салуучу жана прокуратура органдарынын ыйгарым укуктарын аныктоочу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдерин келтирет.

Ушуга байланыштуу арызданууччу мыйзамдын талашылып жаткан ченемин конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жогоруда аталган ченемдерине карама-каршы келет деп таанууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы жаран Э. А. Абылкасымовдун жаран М. С. Кусматовдун кызыкчылыгындагы кайрылуусу боюнча иштин материалдарын изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесенин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 2-пунктун, 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, 2015-жылдын 27-мартындагы аныктамасы менен төмөнкү негиздер боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Конституциялык соттук ченем көзөмөлүнүн өзгөчөлүгү Конституциялык палатага кайрылууга укуктуу субъекттердин тизмесинин так аныкталгандыгында камтылган, алардын толук тизмеги «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесенин 1-бөлүгүндө бекитилген. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылууга укуктуу коомдук-укуктук субъекттер кандайдыр бир жеке кызыкчылыктарды көздөбөйт, алар сунуштама менен Конституциялык палатага кайрылуу менен коомдук-укуктук тартипти коргошот, жалпысынан мамлекеттин же кандайдыр бир топ адамдардын кызыкчылыктарын жакташат. Ошол эле учурда жеке жана юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык Конституция тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер алар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе мыйзамдын жана башка ченемдик укук актыларынын конституциялуулугун талашууга укуктуу, башкача айтканда аталган субъекттер үчүн ченем көзөмөл процедурасын демилгелөөнүн негизги критерии болуп субъективдүү укуктарга кол салуу же боло турган кол салуу коркунучу эсептелинет.

Бул жеке жана юридикалык жактар конституциялык сот өндүрүшүн козгоо маселесин алар менен талашылып жаткан ченемдер Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген адамдын жана

жарандын укуктарын жана эркиндиктерине тийиштүү же тийиштүү боло турган учурда гана коюуга укуктуулугун билдирет.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын талаптарына ылайык, кайрылуу субъекти анын оюу боюнча талашылып жаткан акт менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен таанылган адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктеринин кайсынысы бузулгандыгын өтүнүчтө көрсөтүүгө, көз карашын негиздөөгө, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тийиштүү ченемдерине шилтеме келтирүү менен укуктардын бузулгандыгын же бузула тургандыгын күбөлөндүрүүчү жүйөлөрдү жана далилдерди келтирүүгө милдеттүү. Жогоруда аталган конституциялык мыйзамдын мындай талаптарын аткарбоо өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартууга негиз болуп эсептелинет.

Келтирилгендерди эске алуу менен судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктуна ылайык, эгерде кайрылуу тиешелүү эмес органдан же жактан (субъекттен) келип түшсө коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат деп белгиледи.

Жаран Э. А. Абылкасымов судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 27-мартындагы № 14-о аныктамасы менен макул болбостон, 2015-жылдын 12-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Жаран Э. А. Абылкасымов өзүнүн даттануусунда судьялар коллегиясынын жыйынтыктары жаңылыш деп белгилейт, анткени, ал адвокат катары М. С. Кусматовдун кызыкчылыктарын көздөө менен тиешелүү жак болуп эсептелинет жана ыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына кайрылуу укугуна ээ. Андан тышкары, ал «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 9-пунктунун талаптары аткарылган жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын тийиштүү ченемдерине шилтеме келтирүү менен укуктук негиздеме келтирилген деп эсептейт.

Ушулардын негизинде Э. А. Абылкасымов судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 27-мартындагы № 14-о аныктамасын жокко чыгарууну жана анын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алууну суранат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы арызданууучунун жүйөлөрүн жана судьялар коллегиясынын кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуусунун негиздерин талкуулап, төмөнкү жыйынтыктарга келди.

Конституциялуугу талашылып жаткан «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» мыйзамдын ченеми адамдын жана жарандын конституциялык укуктары жана эркиндиктерин жөнгө салуу чөйрөсүнө таандык эмес жана укук чектөөчү мүнөздөгү жоболорду камтыбайт. Арызданууучу өзүнүн даттануусунда талашылып жаткан ченем менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы менен кепилденген адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктеринин кандай жол менен бузгандыгы тууралуу жүйөлөрдү келтирбейт, бул өз кезегинде жарандарда жана юридикалык жактарда конституциялык көзөмөл органына кайрылуу укугунун пайда болуусунун милдеттүү шарты болуп эсептелинет.

Ушуга байланыштуу судьялар коллегиясынын кайрылууну конституциялык сот өндүрүшүнө кабыл алуу үчүн негиздердин жоктугу тууралуу жыйынтыктары негиздүү болуп эсептелинет.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 27-мартындагы № 14-о «Жаран Эсенжан Алимжанович Абылкасымовдун жаран Муратбек Садирдинович Кусматовдун кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгарууга негиз тапкан жок.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48-беренелерин, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Жаран Эсенжан Алимжанович Абылкасымовдун жаран Муратбек Садирдинович Кусматовдун кызыкчылыгындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 27-мартындагы № 14-о «Жаран Эсенжан Алимжанович Абылкасымовдун жаран Муратбек Садирдинович Кусматовдун кызыкчылыгындагы кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасын жокко чыгаруу жөнүндө даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**